## Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2017-жылдын декабрь айы)*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) байкоого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган мамлекеттик казына облигацияларын биринчилик рыногунда жайгаштыруу боюнча 4 аукцион өткөргөн.

Аукциондордо мамлекеттик казына облигацияларынын (мындан ары - МКО) жарыяланган эмиссиясынын чогуу алгандагы көлөмү өткөн айга караганда 43,8 пайызга көбөйүү менен 1,2 млрд сомду түзгөн. Ушуга байланыштуу, 1,4 млрд сомду түзүү менен өткөн айга салыштырмалуу 7,2 пайызга МКОго карата суроо-талаптын өсүшү катталган. Аталган баалуу кагаздарга суроо-талаптын сунуштан артышына байланыштуу Финансы министрлиги тарабынан 714,9 млн сом жалпы суммасында 2 кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Өткөрүлгөн аукциондордун жыйынтыгында (кошумча жайгаштырууну эске алганда) катышуучулар тарабынан 9,2 пайыз орточо алынган чен боюнча 100,8 млн сом суммасында 2 жылдык МКО, 11,0 пайыз орточо алынган чен боюнча 564,9 млн сом суммасында 3 жылдык МКО, 14,9 пайыз орточо алынган чен боюнча 340,0 млн сом суммасында 5 жылдык МКО жана 16,2 пайыз орточо алынган чен боюнча 541,0 млн сом суммасында 7 жылдык МКО сатып алынган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКО боюнча орточо айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 12,6 пайызды түзгөн, бул өткөн айга караганда 0,2 п.п. аз.

Айдын жыйынтыгында жүгүртүүдө МКО көлөмү жыл башынан тарта 23,7 млрд сомду түзүү менен 73,4 пайызга көбөйгөн. Мында, МКОго ээлик кылуучулар түзүмүндө олуттуу өзгөрүүлөр катталган эмес: коммерциялык банктардын үлүшү 35,8 пайызды (-0,6 п.п.) түзгөн, институционалдык инвесторлордун үлүшү, тескерисинче, 63,6 пайызга (+0,6 п.п.) чейин жогорулаган жана юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы 0,6 пайызды (+0,02 п.п.) түзгөн.

Жыйынтыгында МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси 0,44 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто өткөн айдагыдай эле эки негизги инвестордун катышкандыгына дал келген.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКОго карата суроо-талаптын, сунуштун жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**2-график. МКО боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүлүктүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКОго ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвесторлор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.01.2017 | 13 698 111,3 | 4 983 163,1 | 36,4 | 8 629 085,2 | 63,0 | 85 813,0 | 0,6 | 50,0 | 0,0 |
| 01.02.2017 | 14 026 261,3 | 5 318 167,4 | 37,9 | 8 612 280,9 | 61,4 | 95 813,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.03.2017 | 15 086 261,3 | 5 968 583,8 | 39,6 | 9 021 864,5 | 59,8 | 95 813,0 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |
| 01.04.2017 | 15 242 261,3 | 6 093 383,8 | 40,0 | 9 032 864,5 | 59,3 | 116 013,0 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.05.2017 | 16 042 261,3 | 6 658 175,0 | 41,5 | 9 271 073,3 | 57,8 | 113 013,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.06.2017 | 17 002 261,3 | 7 025 135,2 | 41,3 | 9 854 005,1 | 58,0 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.07.2017 | 17 492 261,3 | 7 036 419,6 | 40,2 | 10 332 720,7 | 59,1 | 123 121,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.08.2017 | 18 731 111,3 | 7 140 239,8 | 38,1 | 11 465 900,5 | 61,2 | 124 971,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.09.2017 | 19 307 011,3 | 7 444 739,8 | 38,6 | 11 721 900,5 | 60,7 | 140 371,0 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.10.2017 | 19 706 511,3 | 7 783 243,8 | 39,5 | 11 772 310,9 | 59,7 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.11.2017 | 20 005 021,3 | 7 826 710,3 | 39,1 | 12 027 354,4 | 60,1 | 150 956,6 | 0,8 | 0,0 | 0,0 |
| 01.12.2017 | 22 634 744,5 | 8 124 965,0 | 35,9 | 14 357 696,9 | 63,4 | 152 082,6 | 0,7 | 0,0 | 0,0 |
| 01.01.2018 | 23 748 352,5 | 8 499 917,1 | 35,8 | 15 095 715,8 | 63,6 | 152 719,6 | 0,6 | 0,0 | 0,0 |